**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз III сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 24 - январы, № 3/1 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы бюджетинин пайдаланылбай калган калдык каражатынын эсебинен “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААКнан айыл өкмөтүнө лизингдик жол менен погрузчик сатып алууга, 2024-жылы түзүлүп калган келишимдин негизинде Ылай-Талаа айылынын жаңы конуштагы көчөсүнө электр мамычаларын койдуруп зымдарын тарттырууга жана долбоордун өздүк салымы катары Токбай-Талаа айылынын таза суусуна ПСД жасатууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 2-главасынын 27- “Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу жөнүндөгү” беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин” VI бөлүмүнүн 9-главасынын 47-беренесинин 1-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджетинин пайдаланылбай калган суммасы тууралуу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Козуевдин маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджетинин пайдаланылбай калган **3 490 600 (үч миллион төрт жүз токсон миң алты жүз** ) сом акча каражатын “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААКнан айыл өкмөтүнө лизингдик жол менен погрузчик сатып алуу, 2024-жылы түзүлүп калган келишимдин негизинде Ылай-Талаа айылынын жаңы конуштагы көчөсүнө электр мамычаларын койдуруп зымдарын тарттыруу жана долбоордун өздүк салымы катары Токбай-Талаа айылынын таза суусуна ПСД жасатуу үчүн чыгымдоого макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**